И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д 13.23.673 диссертациялык кеңешинин мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевичтин изденүүчү Асаналиева Мээргүл Максуталиевнанын "Мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятынын материалдарын колдонуунун илимий-дидактикалык шарттары" аттуу темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши тууралуу

## РАСМИЙ ОППОНЕНТТИК ПИКИРИ

**Илимий жетекчиси-** педагогика илимдеринин доктору, профессор Сакиева С.С.

1. **Изилдөөнүн темасынын адистикке дал келиши.** Асаналиева Мээргүл Максуталиевнанын "Мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятынын материалдарын колдонуунун илимий-дидактикалык шарттары" аттуу темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши Д 13.23.673 диссертациялык кеңешинин адистигине туура келет.

**2.Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Аталган изилдөө бүгүнкү күндө мектепте кыргыз адабиятын окуп-үйрөнүү методикасы илими үчүн актуалдуулугу булар менен далилденеген, анткени кенже курагынан тарта ар бир баланын инсандыгын, эркин, руханий-адептик жактан өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө коомдун объективдүү муктаждыгы жана мектепке чейинки курактагы балдар менен иштөө практикасында руханий тарбия берүүнүн системалуу технологиясынын учурдагы жоктугу;

- ар бир баланын инсандыгын эркин руханий-адептик жактан өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө коомдун объективдүү муктаждыгы жана мектепке чейинки курактагы балдар менен тикелей иштөө практикасында бул маселенин системалуу технологиясынын жетишсиздиги;

- мугалимдердин, тарбиячылардын инсанды руханий жактан тарбиялоонун практикалык сапаттуу программаларын алуу зарылчылыгы жана колдонууга даяр интегралдык системаларынын аздыгы;

-балдар адабиятындагы чыгармалар аркылуу руханий тарбиялоо коомдун талабы болсо да, жогорудагыларды ишке ашыруунун илимий-усулдук негиздеринин турмушка толук түрдө ашырылбай жаткандыгы;

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 35 «18» 09 2023ж/г

- бала бакчада руханий жактан тарбиялоонун жана билим берүүнүн зарылдыгы менен көйгөйдү чечүү үчүн балдар адабиятындагы усулдук колдонмолордун жетишсиздиги.

**3. Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары.** Изилдөөдө педагогика илими үчүн маанилүү төмөндөгүдөй корутундулар алынган:

**1-жыйынтык:** Кыргыз балдар адабияты жана анын теорияда, окутуу методикасында изилденишинин абалы аныкталган жана мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятын колдонуунун максаты, милдеттери такталган;

2-жыйынтык: балдарга арналган чыгармалардын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши, методикалык эмгектерде изилдениши жана аларда окуу-тарбия процессинде колдонуунун формалары жана методдору берилген, ошону менен бирге, алар аркылуу кенже балдардын руханий тарбиясын, билимин калыптандыруунун технологиялары сунушталган;

3-жыйынтык: мектепке чейинки курактагы балдарды руханий жактан тарбиялоонун теориялык негиздери үйрөнүлгөн жана жалпылаштырылган жана мектеп жашына чейинки балдарды руханий жактан тарбиялоо процессинде балдар адабиятынын ролу жана потенциалы аныкталган, балдарга руханий тарбия берүүгө ылайыктуу адабияттар иргелген;

4-жыйынтык: кыргыз бакчаларынын азыркы шартына ылайык сабактардын иштелмелери иштелип чыккан жана аларды балдар адабияты аркылуу кенже жаштагы балдарды үйдө жана бакчаларда руханий жактан тарбиялоону байланышта караган жана анын ыкмалары сунушталган.

**4. Диссертациядагы алынган натыйжалардын негизделишин жана ишенимдүүлүгүн булар далилдейт**:

**1-жыйынтык:** темага жараша теориялык-методикалык адабияттар үйрөнүлүп, учурдагы шарттарга жараша кыргыз балдар бакчасынын абалына, андагы колдонулуп жаткан илимий-методикалык материалдарга, анын потенциалына таянуу керегиги айтылган;

**2-жыйынтык:** - руханий тарбия, анын маани-маңызы теориялык-педагогикалык адабияттарга таянуу менен жетишерлик изилденген жана ал идеяларды пайдалануу аркылуу балдар адабиятынын таалим-тарбиялык мааниси, ролу ачылган;

**3-жыйынтык:** -балдар адабияты аркылуу жеке эле бакчаларда эмес, үй шартында ата-энелери да балдарга “үй-бүлөлүк окуу аркылуу” руханий тарбия берүүгө болору тууралуу да айтылган учурлары маанилүү жана орундуу;

**4-жыйынтык:** -балдар бакчасынын окуу программалары, окуу куралдары жетишерлик изилденип жалпыланган жана анда балдар адабиятына

мүнөздүү программалык чыгармалар талданган, окутуунун жаңы формаларына жана методдоруна жараша иштелмелер иштелип чыккан, сабактардын үлгү иштелмелери сунушталган, балдарга тарбия берүүдө көркөм адабият маанилүү каражат экендиги сыналган жана бакчанын мугалимдери таянууга мүмкүн болгон иштин формалары, методдору, технологиялары илимий жактан такталып берилген жана аларды колдонуунун жолдору даярдалган. Атап айтканда, алар төмөндөгүлөр:

-балдар адабиятынын ар түрдүү жанрларына ылайык материалдар талдоого алынган жана окуу-тарбия иштеринде колдонулган;

-алар бакчанын  ар бир тайпасынын балдарынын мүмкүнчүлүгүнө жараша приниптерге ылайык иштелген;

- балдар адабиятын колдонуп иштөөдө өз алдынча модель түзүлгөн, анда түрдүү багыттар, каражаттар, методдордор менен формалар жана иштин натыйжалары көрсөтүлгөн;

-көркөм окуу, жаттоо, сценкаларды жасоо иштери аткарылган;

- жомок менен иштөөдө: “жомоктордон таттуу салат”,  тааныштыруу, сөздүк иштери, кебин өстүрүү, жомокко чейинки иш, жомок менен иштөө, жомок окугандан кийинки аңгемелешүүлөр,” сценкалоо, оюн, логикалык жана проблемалуу тапшырмалар, интуиция, тил жатыктыруу ж.б. технологиялар колдонулган.

**5. Диссертациялык иштеги илимий жыйынтыктардын жаңылыгынын деңгээли:**

**1-жыйынтык: жарым-жартылай жаңы,** - руханий тарбия, анын маани-маңызы теориялык-педагогикалык адаюияттарга таянуу менен жетишерлик изилденген жана ал идеяларды пайдалануу аркылуу балдар адабиятынын таалим-тарбиялык мааниси, ролу  ачылган;

2-жыйынтык: жаңы: Балдарга арналган чыгармалардын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши, методикалык эмгектерде изилдениши жана аларда окуу-тарбия процессинде  колдонуунун формалары жана методдору берилген, ошону менен бирге, алар  аркылуу кенже балдардын руханий тарбиясын, билимин калыптандыруунун технологиялары сунушталган;

**3-жыйынтык: жарым-жартылай жаңы:** Кыргыз балдар адабияты жана анын теорияда, окутуу методикасында изилденишинин абалы аныкталган жана мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятын колдонуунун максаты, милдеттери такталган;

**4-жыйынтык: жаңы,** -балдар адабияты аркылуу жеке эле бакчаларда эмес, үй шартында ата-энелери да балдарга “үй-бүлөлүк окуу аркылуу”

руханий тарбия берүүгө болору тууралуу да айтылган учурлары эң маанилүү жана орундуу;

**6. Алынган жыйынтыктардын ички биримдиги:**

Изилдөөдөгү алынган жыйынтыктар ички биримдикке, уланмалуулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маанилик байланыштуулукка ээ.

**7. Алынган жыйынтыктарды тиешелүү проблемага, теориялык же колдонмо маселеге багытталышын баалоо:**

-учурдагы глобалдашуунун шарттарында кыргыздын кенже балдарынын руханий таалим- тарбиясынын маанилүүлүгү ачык берилген жана руханий тарбиянын зарылдыгы айкын баяндалгандыгы, балдар адабиятынын таалим-тарбиялык мааниси ачылган жана кенже балдарга руханий тарбия берүүдөгү чоң ролу, потенциалы тууралуу кенен сөз болгондугу, кыргыз бала бакчаларынын тарбиячы-мугалимдери үчүн окутуунун формалары, методдору жана технология түшүнүктөрү кенен ачылган жана алар практикалык сабактардын үлгүлөрү менен далилденгендиги жана анын корутундулары-тармак үчүн маанилүү.

**Иштин квалификациялык белгилерге дал келиши:** иш бала бакчалардын тарбиялануучуларына балдар чыгармаларын окутуу, аны балдарга руханий тарбия берүүдө колдонунун технологияларын иштеп чыгуу боюнча учурдагы талаптарга туура келет жана анын натыйжаларын тармак ичинде жайылтууга жана колдонууга болот.

**4. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси (тармак, өлкө, үчүн мааниси).** Илимий корутундулар бул багыттарда ишке ашырылган: изилдөөдө кыргыз бала бакчаларынын тарбиялануучуларына, мугалимдерине, ата-энелерге балдар адабиянын материалдарын аларга руханий тарбия берүүдө колдонуунун ык-жолдору, формалары, методдору жана технологиялары сунушталгандыгы жана алар педагогикалык экспериментте сыналгандыгы жана практикага сунушталгандыгы менен маанилүү.

**8. Диссертация негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүмдөрүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү:** диссертациянын материалдары төмөндөгү басылмаларда чагылдырылган жана опрабацияланган, т.а. тема боюнча мектепке чейинки билим берүү уюмдарында (бала бакчаларда) балдар адабиятындагы чыгармаларды окуу-тарбия процессинде колдонуунун сунушталып жаткан технологиясын, методикасын аппробациялоо МЧББУдагы 7 бала бакчада эксперименталдык-тажрыйбалык иш процессинде жүргүзүлгөн. Диссертациянын негизги мазмуну 17 макалада (1 РИНЦ РФ, 1 РИНЦ Казакстан,15 РИНЦ КР) жарыяланган, илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган, илимий, методикалык макалалар жарыяланган жана апробацияланган. Диссертациялык иш Ош

мамлекеттик университетинин Педагогика, психология жана дене тарбия факультетиндеги "Башталгыч билим берүүнүн тилдеринин, адабиятынын теориясы жана методикасы" кафедрасынын жыйынында талкууланган.

**9. Автрефераттын мазмуну диссертация менен дал келиши: авт**орефераттын мазмуну диссертациянын мазмуну менен толук мазмундаш жана жоболору, максат-милдеттери, тыянактары, сунуштары бири-бирине толук дал келет.

**10. Диссерациянын мазмунунда жана жасалгаланышында кеткен айрым мүчүлүштүктөр:**

1) ишти алдын ала коргоодо да айтылган эле, диссертациянын аталышы тууралуу, анда иштин аталышы: "Мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятынын материалдарын колдонуунун илимий-дидактикалык шарттары"деп аталган соң, атайын шарттар иштелип чыгышы керек эле, бирок, изденүүчү изилдөөдө сунуш кылган приципттер, методдор, формалар жана технологиялар, иштөө жолдору системалуу дидактикалык шарттар катары колдонулган, андай болгондо, изилдөөнүн темасын "Мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятынын материалдарын колдонуунун технологиялары" деп атаса туура болмок;

2) изилдөөнүн биринчи параграфында "руханият" деген термин тууралуу сөз кылган, ал тууралуу пикирлерди таблица менен берген, бирок ал терминди изилдөөнүн темасы менен анча байланыштыра алган эмес жана андагы орус тилиндеги пикирлердин кыргызча котормолору стилдик жактан так болбой калган;

3) диссертациянын тиркемесинде эксперименттик иштеринде колдонгон иштелмелери бар, алардын ичинен тандап, диссертациянын "технологиялар" аттуу параграфына, жомоктор менен иштөө аттуу бөлүгүнө кошсо, логикалык жактан жеткиликтүү болмок.

Бирок жогоруда айтылган сын пикирлер диссертациянын негизги жоболору менен тыянактарына терс таасирин бербейт. Иш сабаттуу жана өзүнө тиешелүү талаптарга жооп берген, өз алдынча бүткөрүлгөн изилдөө катары бааланат.

**11. КР ЖАКтын "Окумуштуулук даражалдарды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун талаптарына диссертациянын дал келиши.**

Жогоруда айтылган алгылыктуу жагдайларды эске алуу менен, изденүүчү Асаналиева Мээргүл Максуталиевнанын "Мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятынын материалдарын колдонуунун илимий-дидактикалык шарттары" аттуу деген темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык диссертациялык иши КР ЖАКтын "Окумуштуулук даражалдарды

ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун талаптарына толук дал келет, ал эми автору Асаналиева Мээргүл Максуталиевна педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жана ыйгарууга толук татыктуу деп эсептөөгө болот.

**Расмий оппонент: Рысбаев С.К., п.и.д., профессор**

"Профессор С.К.Рысбаевдин колун тастыктайм"
КББАнын кадр бөлүмүнүн башчысы: